Мурабаха бүтүмүн түзүү үчүн
ЖАЛПЫ ЖАРЫЯ-СУНУШ КЕЛИШИМИ

Бул Мураха бүтүмүн түзүү үчүн жалпы жарыя-сунуш келишими (мындан ары – Келишим) «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКынын (мындан ары – Банк) Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-пунктуна ылайык арыз/макулдукка (акцептке) кол коюу аркылуу Мурабаха бүтүмүн түзүүгө расмий жалпы сунушу болуп саналат. Келишим ушул Келишимдин бардык шарттарын кыйшаюусуз кабыл алууну билдирген Арыз/Макулдукка (Акцептке) кол коюлган учурдан тартып түзүлгөн болуп эсептелет жана күчүнө кирет.

Бул Келишимдин акцепти (шартсыз кабыл алынышы) кардардын Мурабаха бүтүмүн ушул Келишимде аныкталган шарттарга ылайык түзүүгө толук жана шартсыз макулдугун туюндурат. Бул Келишим Товарды сатууну жана сатып алууну тариздөөнүн тартибин аныктайт, ошондой эле бул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу учурунда Банк менен кардардын ортосунда жаралган мамилелерди жөнгө салат. Бул Келишимдин шарттарын Банктын www.cbk.kg расмий сайтынан табууга болот жана Банк бардык зарыл маалыматтарды Банктын www.cbk.kg расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу кардарга жеткирет.

Терминдер

Мурабаха бүтүмү – кардардын өтүнмөсү боюнча Банк сатып алган же кардар кайрылган учурда Банктын менчигинде турган товарды бөлүп төлөөгө сатууну камтыган бүтүм.

Товардын сатык баасы – товардын сатык баасы тараптар тарабынан ажыратылып жаткан товардын сатып алынган баасы менен тараптар макулдашкан үстөк баанын суммасы катары аныкталат.

Банктын ажыратылуучу товарды сатып алган баасы – Мурабаха бүтүмү боюнча сатуу үчүн товардын Банк сатып алган баасы.

Үстөк баанын суммасы – ажыратылуучу товардын сатып алынган баасына Банктын үстөк баасы.

Баштапкы төгүм – үстөк баанын суммасын азайтуу максатында Кардар Банкка товар үчүн төлөй турган акча каражаттары.

Сатык баа боюнча карыздын калдыгы – товардын сатык баасы менен баштапкы төгүмдүн ортосундагы айырма.

I БЕРЕНЕ. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ ЖАНА ШАРТТАРЫ

1.1. Банк ушул Келишимди түзүүгө арыз/макулдукта (акцептте) (мындан ары – арыз/макулдук) көрсөтүлгөн Товарды ушул келишимдин тартибинде жана шарттарында сатат, ал эми Кардар бул Келишимдин бардык шарттарын акцепттөө (кыйшаюусуз кабыл алуу) жолу менен, арыз/макулдукта көрсөтүлгөн мөөнөткө жана сатык баага бөлүп төлөөгө сатып алат.

1.2. Товардын сатык баасы Тараптар тарабынан карыздын суммасы катары таанылып, өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1.2.1. Банктын ажыратылуучу Товарды сатып алган баасы – арыз/макулдукка ылайык.

1.2.2. Үстөк баанын суммасы (Сатуудан салыкты эсепке алуу менен) – арыз/макулдукка ылайык.

1.2.3. Баштапкы төгүм – арыз/макулдукка ылайык.

1.2.4. Сатык баа боюнча карыздын калдыгы – арыз/макулдукка ылайык.
1.3. Карыздын суммасы боюнча жыйынтыктоочу эсептешүү арыз/макулдукта көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирилбей жүргүзүлөт. Карыздын суммасын жоюу Кардар тарабынан Төлөмдөр графигине ылайык жүргүзүлөт.
1.4. Төлөмдөр графиги арыз/макулдукта көрсөтүлгөн WhatsAppка/Telegramга/Viberге/өздүк почтага жөнөтүлүп турат.
1.5. Кардар №1 тиркеменин 1-таблицасында көрсөтүлгөн учурларда жана өлчөмдө комиссия төлөөгө милдеттенет.
1.6. Кардар №1 тиркеменин 2-таблицасында көрсөтүлгөн учурларда жана өлчөмдө кайрымдуулук максаттарына кайыр-садага төлөөгө милдеттенет.

II БЕРЕНЕ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2.1. Кардар төмөнкүлөргө кайтарылбас **макулдугун** берет:
- Товарды ушул Келишимде аныкталган шарттарда сатып алууга;
- жеке маалыматтарды жыйноого жана иштетүүгө;
- жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугунун типтүү формасына (№2 тиркеме) кол коюуга;
- Келишимдин алкагында, каалаган мыйзамдуу аракеттенген органдардан өзү жөнүндө маалыматтарды алууга;
- жеке маалыматтарды анын ичинде КРнын Мамлекеттик каттоо кызматынан жана башка мамлекеттик органдардан жана башка уюмдардан жыйноого жана иштетүүгө;
- №1 тиркеменин №1 таблицасында көрсөтүлгөн чыгымдарды көтөрүүгө;
- Банктын ыктыяры боюнча, Банктын Өнөктөшүнөн бөлүп төлөөгө сатып алынуучу Товарды күрөөнүн предмети катары тапшыруу.
2.2. Бул Келишим акцепттелген учурдан тартып кардар, өз эрки жана өз кызыкчылыгы менен аракеттенип, Банк, процессор тарабынан анын жеке маалыматтарын иштетүүгө, тагыраак айтканда төмөнкүлөр сыяктуу аракеттерди аткарууга: кардардын/карызгердин жеке маалыматтарына кирген ар кандай маалыматтарды Банктын ушул Келишимди түзүү, бул Келишимди аткаруу максатында, ошондой эле террористтик ишмердикти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдоого (адалдоого) каршы күрөшүү багытындагы мыйзамдардын талаптарын аткаруу максатында жыйнашына, ирээтке салышына, топтошуна, сакташына, такташына (жаңыртышына, өзгөртүшүнө), колдонушуна, жайылтышына (анын ичинде чек арадан тышкары беришине) өз макулдугун берет. Аталган аракеттер автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн.

III БЕРЕНЕ. КАМСЫЗДОО

3.1. Бул Келишим боюнча милдеттенмелер кыймылдуу мүлктү күрөөгө коюу келишими менен камсыздалат.

IV БЕРЕНЕ. МУРАБАХА БҮТҮМҮНҮН ТАРТИБИ

4.1. Ажыратылуучу Товар Банкка менчик укугунда таандык, азыркы мезгилге чейин эч кимге сатылбаган, тартууланбаган, күрөөгө коюлбаган, ижарага берилбеген, акысыз колдонууга берилбеген, талашта же тыюу (камак) алдында эмес жана үчүнчү жактардын укугунан эркин.
4.2. Тараптар ушул Келишимге кол койгон учурдан баштап Товардын кокустан жарабай калуу же жабыркоо тобокелдиги, ошондой эле Товардын сакталуусу жана кармалуусу менен байланышкан бардык тобокелдиктер Кардарга өтөт, ушул учурдан баштап Банк Товардын абалы, сакталышы жана байкалган кемчиликтери үчүн Кардардын алдында жоопкерчилик алып жүрбөйт.

4.3. Бул келишимге кол коюу менен Кардар Товардын тандалган соода маркасына, санына, сапатына, сатып алынып жаткан Товардын абалына жана башка мүнөздөмөлөрүнө макулдугун билдирет. Кардар бул Келишимге кол койбогон учурда Банк бул Келишимди аткаруудан баш тартууга, аны бир тараптуу тартипте үзүүгө укуктуу.
4.4. Кардар сатып алынган Товарды Шариаттын стандарттарына шайкеш келген максаттарга гана колдонууга милдеттенет.
4.5. Кардар кезектеги төгүмдү негизсиз кечиктирген учурда жана Кардарга (же ага көз каранды жактарга) өлчөмүн Банк олуттуу деп тааныган акчалай сумманы төлөө же мүлктү берүү жөнүндө доо коюлган учурда, Кардарга төлөө мөөнөтү жөнүндө алдын ала билдирүү шарты менен бул келишим боюнча карыздын калдыгын мөөнөтүнөн мурда жоюуну Кардардан талап кылууга укуктуу.
4.6. Кардар арыз/макулдукта көрсөтүлгөн товарды төлөөнү бул келишимде каралган мөөнөттөн узак убакытка кечиктирген учурда Банк Товарды Кардардын атынан үчүнчү жакка сатып, Кардардан бул келишим боюнча карызын жарым-жартылай төлөөнүн эсебине алынган акча каражаттарын калыбына келтирүүгө укуктуу. Эгер Товарды сатуудан алынган каражаттар бул келишим боюнча карыздын калдыгынан чоң болсо, анда Банк бул айырманы кардарга кайтарып берет.
4.7. Банк бул келишим боюнча карыз толук көлөмдө төлөнүп бүткөнгө чейин Кардардын товарга менчик укугун тариздебей коё алат.
4.8. Кардар сатык баа боюнча карызды толук көлөмдө мөөнөтүнөн мурда жоюуга же жоюу графигинен озуп төлөөгө укуктуу.
4.9. Жыйынтыктоочу эсептешүү жүргүзүлгөн учурдан тартып Тараптардын бири-бирине дооматы болбойт. Бул учурда Тараптар ортосунда талаш болгон мезгилде ушул келишимде көрсөтүлгөн Товардын сатык баасы баштапкы баа болуп саналары жөнүндө Тараптарга маалымдалган.

V БЕРЕНЕ. КАРДАРДЫН КЕПИЛДИКТЕРИ, ТАСТЫКТООЛОРУ

5.1. Келишимге кол коюу учурунда Кардар ушул Келишимдин иштөө мезгилинде Банк Кардар жөнүндө маалыматты Насыялык маалыматтык бюронун маалыматтык базасына тапшырышына жана маалымат алып турушуна макул экенине кепилдик берет.
5.2. Банк карызды соттук тартипте өндүрүүгө укуктуу.

VI БЕРЕНЕ. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЖАНА ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮНҮН ТАРТИБИ

6.1. Бул Келишим боюнча Кардар төмөнкүлөргө милдеттенет:
6.1.1. Бул Келишим боюнча милдеттенмелерин талаптагыдай түрдө, өз мөөнөтүндө жана толук көлөмдө аткарууга.
6.1.2. Банктын талабы боюнча, өз милдеттенмелеринин аткарылышын күрөө менен жана/же кепилдөө менен камсыздоого.
6.1.3. Ай сайын төгүмдөрдү Төлөмдөр графигине ылайык жоюуга;
6.1.4. Бул Келишим боюнча бардык шарттарды жана милдеттенмелерди өз учурунда аткарууга, ошондой эле жашаган дареги, катталган дареги, телефон номуру жана башка бардык башка байланыш маалыматтары өзгөргөнү жөнүндө Банкка кабарлап турууга.
6.1.5. Бул Келишимдин беренелеринде көрсөтүлбөгөн чыгымдар №1 тиркемеде тизмектелет.
6.1.6. Жарым жылда бир жолудан сейрек эмес/Банктын биринчи талабы боюнча өзү жана үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрү жөнүндө, параллель насыя/башка насыялык алмаштыргычтарды алуу жөнүндө/башка каржылык-насыялык мекемелердин алдындагы жоюлбаган карыздар жөнүндө маалымат тапшырып туруу.
6.1.7. Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка милдеттенмелерди алып жүрүү.

6.2. Бул Келишим боюнча Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:
6.2.1. Кардардын суроо-талабы боюнча анын карызы, кардардын эсеби жөнүндө маалыматтарды (эсептин, чектин көчүрмөсүн, баланстын абалын жана башка зарыл маалыматтарды) 3 (үч) иш күнүнүн ичинде берүүгө.
6.3. Бул Келишим боюнча же ага байланыштуу Тараптардын ортосунда жаралган бардык талаштар же пикир келишпестиктер Тараптардын ортосундагы сүйлөшүү жолу менен чечилет. Тараптар ушул Келишим менен, КР ЖПКнын 34-беренесине ылайык, пикир келишпестиктерди сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн эмес болгон учурда бул Келишимден жаралгана жана/же аны менен байланышкан бардык талаштар, анын ичинде бул Келишимдин түзүлүшүнө, бузулушуна, токтотулушуна, үзүлүшүнө же жарамсыздыгына тиешелүү талаштар Банктын кеңсесинин (бөлүмүнүн) жайгашкан орду боюнча жалпы юрисдикциядагы сотто чечилүүгө жатат.
6.4. Тараптар бул келишим түзүлгөн тилди билерин, аракетке жөндөмдүүлүктөн ажырабаганын, бул келишимдин маңызын түшүнүүгө тоскоолдук кылуучу оорулар менен оорубаганын, төлөөгө жөндөмдүү экенин, ошондуктан бул келишим боюнча карызды жоюуну жүргүзө аларын, ошондой эле бүтүмдү өздөрү үчүн өтө пайдасыз шарттарда түзүүгө мажбурлоочу жагдайлардын жоктугун тастыкташат.

VII берене. Форс-мажор

7.1. Жеңилгис күч (форс-мажор) жагдайлары жаралган учурда Тараптар бул Келишим боюнча милдеттенмелерин жарым-жартылай же толук аткарбаганы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, бул жагдайларга төмөнкүлөр кирет: табият кырсыктары, өрт, ташкын, согуштук абал, тараптардын бири үчүн аткарылууга милдеттүү болгон, бул Келишимде көрсөтүлгөн ишмердиктин түрлөрүнө тике же кыйыр түрдө тыюу салган мыйзамдык актылардын, бийлик жана башкаруу органдарынын актыларынын күчүнө кириши, Тараптардын акылга сыярлык көзөмөлүнөн тышкаркы, Тараптардын бул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарышына тоскоол болуучу башка жагдайлар.
7.2. Форс-мажорлук жагдайларга туш келген Тарап бул жагдайлар жаралган учурдан тартып үч күндүн ичинде мындай жагдайлардын пайда болгону жөнүндө билдирүүгө милдеттүү. Форс-мажорлук жагдайлар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын документтери менен тастыкталууга тийиш.
7.3. Форс-мажор жагдайлары жаралган учурда бул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруунун мөөнөтү мындай жагдайлар жана алардын кесепеттери таасир эткен убакытка өлчөмдөш жылдырылат.

VIII БЕРЕНЕ. БАШКА ЖОБОЛОР

8.1. Бул Келишим Тараптардын макулдашуусу боюнча, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча мөөнөтүнөн мурда бузулушу мүмкүн.
8.2. Келишим Тараптар өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин жарамдуу болот.
8.3. Бул Келишимге кол койгон жактан милдеттенмелерин аткарууну талап кылуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруучу жагдайлар (өлүм, сот тарабынан физикалык жактын өлгөндүгүнүн же дайынсыз жоголгонунун таанылышы) жаралган учурда бул келишим боюнча шарттар анын укук мураскору тарабынан аткарылууга жатат.
8.4. Эгер бул Келишимдин кандайдыр-бир жобосу жараксыз, мыйзамсыз болуп калса, башка жоболорунун колдонулуучулугу төмөндөтүлбөөгө же жокко чыгарылбоого тийиш.
8.5. Келишим эки нускада, ар бир Тарап үчүн түзүлдү.
8.6. Кардар графикте көрсөтүлгөн күндүн 16:00 саатынан кийин жүргүзүлгөн төлөм кийинки иш күнүндө төлөнгөн болуп саналары жөнүндө маалымдалганын тастыктайт.

Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш келишиминин
№1 тиркемеси

1-таблица. Кардар төлөй турган чыгымдардын (төлөмдөрдүн)/комиссиялардын тизмеги

Товардын өздүк наркы: а) товардын сатып алынган баасы; б) камсыздандырууга чыгымдар/такафул жана салыктарды жана алымдарды төлөө боюнча Банктын Товарды сатып алышына байланыштуу тарткан чыгымдары. в) үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр (нотариустун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик каттоо кызматынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин ж.б. кызматтарынын акысы)	Арыз/макулдукка ылайык
Үстөк баа (Сатуу салыгын эсепке алуу менен)	Арыз/макулдукка ылайык
Күрөөлүк камсыздоонун түзүмүн/курамын өзгөртүү жөнүндө арызды кароо үчүн комиссия	Арыз/макулдукка ылайык
Эсеп ачуу жана тейлөө үчүн комиссия	а) 0, эгерде эсептин ачылышы Мурабах келишимин түзүү менен шартталган болсо; б) Банктын тарифтерине ылайык, эгер эсептешүүлөр Мурабах келишимине байланышпаган болсо.
Кардардын/өнөктөштүн арызы боюнча келишимдин шарттарын өзгөртүү үчүн комиссия	Банктын тарифтерине ылайык
Кардардын эсептеринен көчүрмө берүү үчүн акы	Банктын тарифтерине ылайык
Башка чыгымдар	Банктын тарифтерине ылайык

2-таблица. Кайрымдуулук максаттарына кайыр-садагалар

Төлөмдү кечиктирүүнүн ар бир күнү үчүн кайрымдуулук максаттарына кайыр-садагалардын суммасы	Банктын тарифтерине ылайык
Насыялык тобокелдиги бар актив боюнча күрөөгө коюлган аманатты толуктоону 30 календарлык күндөн ашык кечиктирүү үчүн	Банктын тарифтерине ылайык
Кардарга жазуу түрүндө билдирилгенден 30 календарлык күн өткөндөн кийин кошумча күрөө өз учурунда тапшырылбаганы үчүн. Мындай жазапул түрүндө алынган акча каражаттары кайрымдуулукка багытталат жана Банктын кирешеси катары таанылбайт.	Банктын тарифтерине ылайык
Башка чыгымдар	Банктын тарифтерине ылайык

1-тиркемеде көрсөтүлгөн Кардар төлөй турган чыгымдардын (төлөмдөрдүн)/комиссиялардын, кайрымдуулук максаттарына кайыр-садагалардын өлчөмү келишимдин түзүлгөн күнүнө актуалдуу болуп саналат жана Банк тарабынан бир тараптуу тартипте (өздүк нарктан, үстөк баадан (сатуудан салыкты камтуу менен), кайрымдуулук максаттарга кайыр-садагалардан тышкары) өзгөртүлгөн тарифтерге ылайык, тиешелүү өзгөртүүлөр жөнүндө маалыматты Банктын маалыматтык стенддерине жана/же Банктын расмий сайтына жаңы тарифтердин күчүнө киришине эң аз дегенде 30 (отуз) календарлык күн калганга чейин, же, эгер мурунку өзгөртүүлөр жөнүндө маалымат жок болсо, жаңы тарифтер жайгаштырылгандан 30 (отуз) календарлык күн өткөндөн кийин жайгаштыруу аркылуу өзгөртүлүшү мүмкүн. Толуктоо кайра кол коюуга жатпайт.

Мурабах бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш келишиминин
№2 тиркемеси

Субъектинин жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө (Макулдугуна/Кайтарууга) арыз

1. Жеке маалыматтардын субъектисинин реквизиттери	
1.1 ПИН	
1.2 Фамилия	
1.3 Аты	
1.4 Атасынын аты	
1.5 Туулган күнү	
1.6 Паспорту боюнча дареги	
1.7 Жашаган дареги	
1.8 Паспортунун сериясы жана номуру	
1.9 Паспортунун берилген күнү	
1.10 Паспортту берген орган	
1.11 Телефон номуру	
1.12 Электрондук почта дареги	
2. Ишенимдүү өкүлүнүн реквизиттери (ишеним каты бар болгон учурда)	
2.1 ПИН	
2.2 Фамилия	
2.3 Аты	
2.4 Атасынын аты	
2.5 Туулган күнү	
2.6 Паспорту боюнча дареги	
2.7 Жашаган дареги	
2.8 Паспортунун сериясы жана номуру	
2.9 Паспорттун берилген күнү	
2.10 Паспортту берген орган	
2.11 Укук берүүчү документ (ишеним кат, мыйзам, башка мыйзамдык акт)	
3. Жеке маалыматтарды иштетүүчүнүн реквизиттери	
3.1 ИНН	
3.2 БИК (коммерциялык банктар үчүн)	
3.2 Аталышы	
3.3 Дареги	
3.4 Кызматкердин аты-жөнү	
3.5 Кызматкердин кызматы	
4. Жеке мүнөздөгү маалымат (Бирөөнү тандаңыз)	

4.1 Жеке камсыздандыруу эсебинен эмгек акыны төлөө фондун камтыган маалымат	*Ооба*	*Жок*
4.2 Пенсиялык иштен пенсиянын өлчөмүн камтыган маалымат	*Ооба*	*Жок*

5. Жеке маалыматтарды иштетүү	
5.1 Макулдуктун башталган күнү (кол коюлган күн)	
5.2 Макулдуктун аяктаган күнү (аяккы күн)	
5.3 Орду (калктуу пункт, дареги)	
Макулдук берилген учурда тааныштыруу жана кол коюу үчүн пункттардын тизмеги	
Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды мага «Жарандарга өздүк камсыздандыруу эсебинен маалыматтарды берүү» жана/же «Пенсиялык иштен маалыматтарды берүү» мамлекеттик кызматын көрсөтүү максатында Банкка тапшырам	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Мен, эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз ыктыярым менен Жеке маалыматтарды иштетүүчүгө жекече мүнөздөгү маалыматтарды берүүгө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна макулдук берем	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук ушул Макулдукта көрсөтүлгөн мөөнөткө жарамдуу болору жөнүндө мага маалым болду.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна эркин формада берилген арыздын негизинде жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук жарамдуулук мөөнөтү аяктаганга чейин кайтарып алынышы мүмкүн экени жөнүндө мага маалым болду;	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Бул жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайтарып алынган же жарамдуулук мөөнөтү аяктаган учурда, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык, толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экени жөнүндө мага маалым болду.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Кайтарып алуу учурунда тааныштыруу жана кол коюу үчүн пункттардын тизмеги	
Мен, эркин, аң-сезимдүү түрдө, өз ыктыярым менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна жеке маалыматтарды иштетүүчүгө жеке мүнөздөгү маалыматтарды берүүгө берген макулдугумду кайтарып алууга макулдугумду берем.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*
Мага, Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык, менин жеке маалыматтарымды иштетүү толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн экени жөнүндө маалым болду.	*[Аты-жөнү тамгалар менен]* *[Колу]*

Мурабаха бүтүмүн түзүүгө
ЖАЛПЫ ЖАРЫЯ-СУНУШ КЕЛИШИМИНИН
№3 тиркемеси

КЫЙМЫЛДУУ МҮЛКТҮН КҮРӨӨ КЕЛИШИМИ

Бул кыймылсыз мүлктүн күрөө келишими «Коммерциялык банк КЫРГЫЗСТАН» ААКы (мындан ары – Күрөө кармоочу) менен Кардардын (мындан ары – «Кардар-Күрөө коюучу») ортосунда Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишиминин алкагында түзүлдү.

I. Күрөө предмети жана анын наркы жөнүндө маалыматтар

1.1. Бул Келишим боюнча Кардар-күрөө коюучу, Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишиминде (мындан ары – Мурабаха Келишими) каралган өз милдеттенмелерин камсыздоо катары Мурабаха Келишиминин негизинде сатып алынган, арыз-макулдукта көрсөтүлгөн кыймылдуу мүлктү (мындан ары – «мүлк») Күрөө кармоочуга күрөөгө коёт.

1.2. Тараптар ушул Келишим менен күрөөгө коюлган мүлктүн наркын жана анын сатуу учурундагы баштапкы (старттык) сатык баасын Кыймылдуу мүлктүн күрөө келишимин түзүүгө арыз/макулдукта көрсөтүлгөн суммада аныкташты.

1.3. Күрөө предметинин аталышы, жайгашкан орду, саны, жалпы сүрөттөлүшү Кыймылдуу мүлктүн күрөө келишимин түзүүгө арыз/макулдукта көрсөтүлөт.

1.4. Күрөө кармоочу төмөнкүлөргө укуктуу:

1.4.1. Күрөөлүк камсыздоонун баштапкы (товарлык) көрүнүшү өзгөргөн учурда анын наркын өз ыктыяры боюнча азайтуу жагына кайра баалоону жүргүзүүгө, базарлык наркын төмөндөтүүгө, баштапкы мүнөздөмөлөрүн өзгөртүүгө.

1.4.2. Күрөөлүк камсыздоону алмаштырууну талап кылууга же кошумча күрөөлүк камсыздоо суроого.

1.4.3. Күрөө предметин документтер боюнча жана иш жүзүндөгү барлыгын, абалын жана колдонуу шарттарын текшерүүгө.

1.4.4. Кардар-күрөө коюучудан Күрөө предметинин сакталышы үчүн зарыл болгон чараларды көрүүнү талап кылууга.

1.4.5. Бул Келишимдин иштөө мезгилине Кардар-күрөө коюучу күрөө предметине ээлик кылууга жана колдонууга укуктуу, бирок Күрөө кармоочунун алдындагы өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин Күрөө кармоочунун жазуу түрүндөгү макулдугусуз тескөөгө укуксуз.

II берене. Күрөө менен камсыздалуучу жагдайлар

2.1. Ушул Келишимдин I беренесинин 1.1. пунктунда көрсөтүлгөн Кардар-күрөө коюучу күрөөгө тапшырган мүлк Кардар-күрөө коюучунун Күрөө кармоочунун алдындагы төмөнкүлөрдү камтыган милдеттенмелерин камсыздайт:

2.1.1. Кардар-күрөө коюучунун Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишими боюнча Күрөө кармоочунун алдындагы бардык милдеттенмелерин.

2.1.2. Күрөө кармоочунун күрөөнү тариздөөгө, карызды соттук тартипте күрөөгө коюлган мүлктүн эсебинен өндүрүүгө, же Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишими боюнча Күрөө кармоочунун укуктарын коргоого байланышкан Күрөө кармоочунун укуктарынын каалаганын ишке ашырууга байланыштуу тарткан ар кандай тастыкталуучу чыгымдары (соттук чыгымдарды, юристтердин кызмат акысын, жыйымдарды жана алымдарды камтып, бирок аны менен чектелбестен).

III берене. Күрөө кармоочунун жана Кардар-күрөө коюучунун милдеттери жана укуктары

3.1. Күрөө кармоочу, ушул Келишимге кол коюп жатып, анын иштөө мезгили ичинде төмөнкүлөргө милдеттенет:
3.1.1. Күрөө предметин андан ары сатуу үчүн ага ээлик кылууга киришкен учурда күрөө предметинин сакталышын камсыз кылууга жана аны сатуу үчүн чараларды көрүүгө.
3.2. Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишиминде каралган укуктарга кошумча катары Күрөө кармоочу төмөнкүлөргө укуктуу:
3.2.1. Күрөө предметинин абалын жана сактоо шарттарын текшерүү үчүн зарыл болгон, күрөө предметинен, ошондой эле анын ар кандай бар болгон документтеринен каалаган учурда физикалык пайдалануу мүмкүнчүлүк алууга;
3.2.2. Кардар-күрөө коюучу ушул Келишимде каралган шарттарды аткарбаган учурда камсыздалган милдеттенмелерин мөөнөтүнөн мурда аткарууну Кардар-күрөө коюучудан талап кылууга;
3.2.3. Күрөө предмети Күрөө кармоочунун күнөөсүнөн эмес жагдайда жараксыз болуп калган, бузулган же жоголгон учурда аны калыбына келтирүүнү же алмаштырууну талап кылууга;
3.2.4. Ушул Келишимде жана/же Күрөө кармоочуга тиешелүү мыйзамдарда каралган ар кандай башка укуктарды ишке ашырууга.
3.3. Кардар-күрөө коюучу Күрөө кармоочудан карызды күрөө предметинин эсебинен өндүрүү процедурасы башталганы жөнүндө кабарлоо алгандан кийин күрөө менен камсыздалган милдеттенмелерди күрөө предмети сатылган учурга чейин аткаруу аркылуу карызды мүлктүн эсебинен өндүрүү процедурасын токтотууга укуктуу.
3.4. Кардар-күрөө коюучу, ушул Келишимге кол коюп жатып, күрөө менен камсыздалган милдеттенмени толугу менен аткарганга чейин Күрөө кармоочунун ушул Келишимдин 3-беренесинде көрсөтүлгөн бардык талаптарын аткарууга милдеттенет.
3.5. Кардар-күрөө коюучу, ушул Келишимге кол коюп жатып, берилген ушул Келишимдин иштөө мөөнөтү аяктаганга чейин күрөө предмети кайра күрөөгө коюлбай турганын, ажыратылбай турганын, укугу өткөрүп берилбей турганын кепилдейт.
3.6. Күрөө предметин карап чыгууга тоскоолдук кылбоого, Күрөө предметинин кокустан жараксыз болуп калуу же кокустан бузулуу тобокелдигин алып жүрүүгө, мындай жагдайлар жаралган учурда калыбына келтирүү үчүн чараларды көрүүгө же Күрөө кармоочунун биринчи талабы боюнча наркы жана өтүмдүүлүгү боюнча жоготулган Күрөө предметинен төмөн эмес болгон мүлк менен алмаштырууга милдеттенет. Күрөө коюучу бул пунктту аткарбаган учурда Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишими боюнча өз милдеттенмелерин төлөмдүн мөөнөтүнө карабастан мөөнөтүнөн мурда аткарууга милдеттүү.

IV. Карызды күрөө предметинин эсебинен өндүрүү

4.1. Тараптар ушул Келишим менен Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишиминде, ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жагдайлар жаралган учурда карызды күрөө предметинин эсебинен өндүрүүнүн соттук тартибин карашат.
4.2. Карызды күрөө предметинин эсебинен өндүрүүнүн соттук тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүргүзүлөт.

V берене. Башка жоболор

5.1. Бул Келишим Кардар-күрөө коюучу бул Келишимди акцептеген учурдан тартып күчүнө кирет жана Кардар-күрөө коюучу ушул Келишим жана Мурабаха Келишими боюнча өз милдеттенмелерин толук аткарганга чейин иштейт.
5.2. Бул Келишим Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

5.3. Бул Келишимдин 1.1. пунктунун шарттарынын өзгөрүшүнө алып келе турган Мурабаха бүтүмүн түзүүгө жалпы жарыя-сунуш Келишиминин шарттарына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү учурунда бул Келишимдин 1.1. пунктуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизбестен автоматтык түрдө өзгөрөт. Калган бардык бул Келишимге өзгөртүүлөр жана толуктоолор алар жазуу түрүндө таризделип, Тараптар кол койгон учурда күчкө ээ болот.
5.4. Бул Келишимди мөөнөтүнөн мурда токтотуу Тараптардын макулдашуусу боюнча, ошондой эле ушул Келишимде же Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн.
5.5. Бул Келишим боюнча же ага байланыштуу Тараптардын ортосунда жаралган бардык талаштар жана пикир келишпестиктер Тараптардын ортосундагы сүйлөшүүлөр менен чечилет. Пикир келишпестиктерди сүйлөшүүлөр аркылуу чечүү мүмкүн эмес болгон учурда бул Келишимден жаралган жана/же ага байланышкан ар кандай талаштар, анын ичинде бул Келишимди түзүүгө, бузууга, токтотууга, үзүүгө же жарамсыздыгына тиешелүү талаштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган соттук тартипте чечилүүгө жатат деп Тараптар ушул Келишим менен аныкташты.